

МАЙ 2021, № 5 (115) чыгарылышы

# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ

МУНИЦИПАЛИТЕТ – БУЛ АЙМАКТЫН, АЛ ЖЕРДЕ ЖАШАГАН КАЛКТЫН ЖАНА ЖӨБ ОРГАНДАРЫНЫН ҮЧИЛТИГИ

## USAIDДИН "ИЙГИЛИКТҮҮ АЙМАК" ДОЛБООРУ:

### КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮНҮ УЮШТУРУУНУН ИЙГИЛИГИ ЖӨБ ОРГАНЫНЫН ИЙКЕМДҮҮЛҮГҮНӨН, ЖЕТКИРҮҮЧҮНҮН ЭКОНОМИКАЛЫК КЫЗЫКЧЫЛЫГЫНАН ЖАНА КЕРЕКТӨӨЧҮНҮН ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ ЖҮРҮМ-ТУРУМУНАН КӨЗКАРАНДЫ

### МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИКТИН БИРДИКТҮҮ РЕЕСТРИ ШААРДЫН МҮЛКҮН БАШКАРУУГА БАЙЛАНЫШТУУ ЧЫГЫМДАРДЫ ТҮШҮНҮҮГӨ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТИК КАРАЖАТТАРДЫ ҮНӨМДӨӨГӨ КАНТИП ЖАРДАМ БЕРЕТ



## USAIDдин "ИЙГИЛИКТҮҮ АЙМАК" ДОЛБООРУ ӨЗ ИШИН ЖЫЙЫНТЫКТАП ЖАТАТ

USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" Долбоору 2016-жылдан 2021-жылга чейинки аралыкта ЖӨБ органдары менен биргеликте алардын ишинин натыйжалуулугун арттыруу, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу, жарандардын ишенимин жогорулатуу жана тажрыйба алмашуу максатында Кыргыз Республикасынын муниципалитеттеринин ортосундагы байланыштарды бир жолго салуу үчүн иш алып барды.

Долбоордун колдоосу менен 50 муниципалитет системалуу өзгөрүүлөрдүн жана башкаруу усулдарын жакшыртуу менен минималдык чыгым кетирип, жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө бир топ олуттуу оң өзгөрүүлөргө жете алышты. Ушул максатта Долбоор ЖӨБ органдарына төмөнкүлөрдү ишке ашырууга жардам берди:

- жакшыраак пландаштыруу, бюджет түзүү, башкаруу жана көзөмөлдөө аркылуу кызмат көрсөтүүлөрдүн натыйжалуулугун жогорулатуу;
- кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу процессине жарандардын топторун, анын ичинде аялдарды, жаштарды жана азчылыктардын өкүлдөрүн тартуу аркылуу жарандардын ишеним деңгээлин жогорулатуу;
- муниципалитеттердин ортосунда тажрыйба алмашууга жана кызматташтыкка дем берүү аркылуу кызмат көрсөтүүлөрдүн туруктуулугун жана жарандардын катышуусун камсыз кылуу.

"Муниципалитет" журналынын бул чыгарылышы толугу менен Долбоордун тажрыйбасына арналды. Бул тажрыйба бардык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына пайдалуу болот, ошондой эле башкаруунун усулдарын өркүндөтүү жамаатка инфраструктураны кургандан кем эмес пайдалуу экендиги жөнүндө ишенимдүү далилдерди келтирет.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

Журналдын бул саны АКШнын Эл аралык Өнүктүрүү Агенттиги (USAID) аркылуу Америка элинин жардамы менен чыкты. Бул басылманын мазмунуна DAI Global LLC жооп берет, ал сөзсүз түрдө USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн позициясын чагылдырбайт.

Өнүктүрүү саясат институту "Муниципалитет" журналын өзүнүн каражатына, журналга жазылгандар төлөгөн акыга, ошондой эле эл аралык донордук уюмдардын жана долбоорлордун колдоосу менен чыгарууда. Кызматташуунун жана координациялоонун жакшы үлгүсүн көрсөткөн бардык өнөктөштөрүбүзгө ыраазычылыгыбызды билдиребиз.